Улуу Британиянын Элчилиги

Кыргыз Республикасынын Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы

international alert

# КЫСКАЧА МААЛЫМДОО БАРАКЧАСЫ

# ГЕНДЕРДИК ТЕҢЧИЛИККЕ ЖЕТИШҮҮ БОЮНЧА УЛУТТУК СТРАТЕГИЯДА ЖАНА ИШ-АРАКЕТТЕР ПЛАНЫНДА ДИНИЙ ЖАМААТТАРДАГЫ АЯЛДАРДЫН ЖАНА КЫЗДАРДЫН МУКТАЖДЫКТАРЫН КАНААТТАНДЫРУУ БОЮНЧА ЫКЧАМ БААЛОО

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛКАСЫ
2020

Бул басылма Улуу Британиянын Бишкектеги элчилигинин каржылык колдоосу менен даярдалды. Бул басылмада камтылган ой-пикирлер Улуу Британиянын элчилигинин же өкмөтүнүн расмий позициясы катары кабыл алынбайт.

© International Alert 2021
Бардык укуктар корголгон. Маалымат булагына толук шилтеме берилмейинче, бул басылманын бир дагы бөлүгүн кайра чыгарууга, издөө тутумунда сактоого же электрондук, механикалык жолдор аркылуу өткөрүп берүүгө, көчүрмөсүн алууга, жаздырып алууга тыюу салынат.


Бул баалоо иши International Alert эл аралык уюмунун "Татыктуу Жашоо": аялдарга жана кыздарга карата жасалган зомбулуктун алдын алуу боюнча негизги билдирүүлөрдүн диний жамааттарга жетишин камсыз кылуу" аттуу долбоорунун алкагында жүргүзүлдү. Долбоор Улуу Британиянын Кыргыз Республикасындагы Элчилиги тарабынан каржыланат.

# Изилдөөнүн максаты:

Бул изилдөө иши Гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Улуттук стратегияны жана УИПти, 2020-2021-жылдарга карата COVID-19 пандемиясынан кийинки мезгилге КРнын Өкмөтү сунуш кылган иш-чаралар программасын карап чыгууга, потенциалдуу мүмкүнчүлүктөр-дү жана кемчиликтерди аныктоого, ошондой эле стратегиялык документ-терге диний жамааттардагы аялдар менен кыздардын муктаждыктарын киргизүү боюнча Конфессиялар аралык жумушчу тобу, саясатты түзүүчүлөр жана өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр менен чогуу иштөөгө максатталган.

Баалоо иши 2020-жылдын октябрь жана ноябрь айларында жүргүзүлүп, сапаттуу изилдөө ыкмалары колдонулган: кабинеттик изилдөө жана тереңдетилген интервью.

**43 тереңдетилген интервью:**



*мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары*



*диний уюмдардын өкүлдөрү*



*көзкарандысыз эксперттер*



*жарандык коом уюмдардын өкүлдөрү*



*эл аралык уюмдардын өкүлдөрү*



*зомбулуктан жабыр тарткан аялдар*

Пандемия учурунда аялдарга карата зордук-зомбулук күчөгөндүктөн, бул изилдөөнүн темасы көпчүлүктүн кызыгуу-сун жаратууда. ИИМдин маалыматына ылайык, ал 2019-жылдын ушул мезгилине салыштырмалуу



**65%га**

өстү. Ошондой эле 2020-жылы гендердик теңчилик чөйрөсүндөгү негизги стратегиялык документтердин мөөнөтү аяктап, кийинки мезгилге ушул багыттагы мамлекеттик саясатты иштеп чыгуу боюнча жигердүү иштердин башталышынан улам бул маселе актуалдуу болуп баратат. Бул изилдөөнүн жүрүшүндө даярдалган рекомендациялар бардык кызыкдар тараптар тарабынан чараларды жаңыча иштеп чыгууда колдонулушу мүмкүн.

Кыргызстанда гендердик теңчиликке жетишүү жана диний жамааттардагы аялдарга карата зомбулукту азайтуу маселелери боюнча изилдөөлөр өтө аз жүргүзүлгөндүгүн белгилей кетүү керек. Бул тематика тереңирээк жана кеңейтилген изилдөөлөрдү талап кылат жана аны үчүн дин таануучуларды, теологдорду жана гендердик маселелер боюнча эксперттерди тартуу зарыл.

# Кыскача сереп

Учурдагы кырдаалга сереп салуу көрсөткөндөй, 2012-2020-жылдарга гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Улуттук стратегияны жана 2018-2020-жылдарга УИПти жүзөгө ашырууда гендердик теңчиликтин улуттук механизми түзүлүп, учурда жигердүү ишке ашырылып жатат. Аялдарды зомбулуктан коргоо максатында институттук жана укуктук механизмдер түзүлдү жана өнүктүрүлдү. Аялдардын мамлекеттик башкаруунун ар кандай деңгээлдеринде жана экономикада чечимдерди кабыл алууга катышуусун кеңейтүүгө мүмкүндүк берди.

Бирок, ошентсе да бул иш-аракеттерди жүзөгө ашырууда бир дагы илгерилөө байкалган жок. Укуктардын корголушу, мыйзамдардын жана саясаттын жүзөгө ашырылышы гендердик теңчиликти илгерилетүүдө төмөнкү тоскоолдуктар менен татаалдашты:

*гендердик факторлорду эске алуу менен бюджеттештирүүнүн начардыгы-тармактык стратегияларда, саясатта жана программалык бюджеттерде гендердик аспектилерди эсепке алуу жолдорунун институтташтырылбагандыгында*

*терс коомдук ченемдердин жана гендердик стереотиптердин өзгөрүшү - коомдун либералдык, салтчыл, светтик жана диний бөлүктөрүнүн ортосунда аялдардын укуктары жана гендердик теңчилик маселелери боюнча пикирдин кайчылаш экендиги байкалууда.*

*Кыргызстан үчүн гендердик саясат түшүнүгүнүн начар аныкталгандыгы.*

*саясий жашоого катышуунун жана өкүлчүлүк деңгээлинин төмөндүгү - чечим кабыл алуу деңгээлинде аялдардын өкүлчүлүгүнүн кыйла төмөндөшү байкалууда*

2018-2020-жылдарга УИПтин негизги иш багыттары болуп төмөнкүлөр саналат:

- зыяндуу тажрыйбаларды (кыздарды эрте никеге тургузууну) жоюу
- кыздарга жана аялдарга карата зомбулуктун алдын алуу
- аялдардын жергиликтүү деңгээлдеги саясий катышуусун жогорулатуу

Ыкчам баалоо диний жамааттардагы аялдардын муктаждыктары менен талаптары гендердик тең укуктуулукту камсыз кылуунун азыркы саясаттарында жана программаларында эске алынбагандыгын көрсөттү. Төмөндөгү корутундулар жана рекомендациялар ушул көйгөйдү чечүү максатында изилдөөчүлөр тобу тарабынан иштелип чыккан. Биз аларды сунуш катарында кабыл алып, андан ары аларды Конфессиялар аралык жумушчу тобу, саясатты түзүүчүлөр жана өнүктүрүү боюнча өнөктөштөр сыяктуу ар кандай кызыкдар тараптар менен бирге талкуулап, толуктап, өркүндөтөбүз.



# Жалпы корутундулар жана рекомендациялар

1

## Корутунду

Коюлган максаттардын жана милдеттердин ийгиликтүү аткарылышынын сандык көрсөткүчтөрүнүн жоктугунан улам УИПтин гендердик теңчиликке тийгизген таасирин баалоо кыйыныраак болду. Тандалып алынган милдеттердин жана иш-аракеттердин Гендердик стратегиянын максаттары менен начар байланышы да байкалат. Түзүлгөн механизмдер гендердик теңчиликти тутумдук мүнөздө илгерилетүүнү камсыз кылбайт, аялдардын аялуулугун төмөндөтпөйт жана аялдарды зордук-зомбулуктан толук коргобойт. Гендердик компонент өкмөттүн тармактык саясатында бүдөмүк болуп, гендердик теңчиликти түшүнүү ар кандай иш-чараларга катышкан аялдар менен эркектердин санын эсептөө менен эле чектелет. Мамлекеттик башкаруу тутумунда гендердик маселелерди эске алуу иш жүзүндө институтташтырылган жок – ал мамлекеттик мекемелерде үзүл-кесил жүзөгө ашырылып, эл аралык уюмдар тарабынан каржыланган долбоорлордун болушунан/ишке ашырылышынан көз каранды.

## Рекомендация

Гендердик компонент бардык тармактык, мамлекеттик саясаттардын ажырагыс бөлүгү болуп калууга жана өтмө-катар мүнөздөгү саясат катары каралууга тийиш. Учурдагы мындай пландаштыруу тажрыйбасынан баш тартып, Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлигинин гендер жаатындагы саясатты иштеп чыгууда жигердүү роль ойноосу, аны ишке ашыруу үчүн жоопкерчиликти алуусу сунушталат. Гендердик теңчиликке жетишүүдө жана мамлекеттин тармактык саясатын иштеп чыгууда гендердик саясатты өтмө-катар жана баштапкы негиз катары кароо зарыл. Ыйгарым укуктуу орган ар бир багыт боюнча максаттарды жана максаттуу ченемдерди иштеп чыгышы керек, ал эми тармактык министрликтер менен ведомстволор болсо аларга жетишүү боюнча чараларды сунуштоосу керек.

2

## Корутунду

Гендердик теңчиликке жетишүү жаатында жүргүзүлүп жаткан саясат жетишерлик эмес же диний жамааттардагы аялдардын кызыкчылыктарын эске албайт. Мындан тышкары, колдонулган саясат чараларын диний жамааттар менен иш алып барууда дайыма эле колдонууга болбойт. Гендердик теңчиликке жетишүү боюнча Улуттук стратегия менен УИПтин диний жамааттардагы аялдарга тийгизген таасирин баалоо бул документтердин тике таасир тийгизбегендигин көрсөттү, бул алардын өзүн-өзү обочолонушуна жана өлкөнүн коомдук-саясий өнүгүү процесстеринен четтелишине алып келди. Диний жамааттардын аймактардын жана жамааттардын жергиликтүү өнүгүү процесстеринен четтелүүсү/обочолонуусу/өзүн-өзү обочолоосу да байкалууда. Коомдун светтик жана диний бөлүгүнүн ортосундагы кескин өзгөчөлөнүү жана тирешүү күчөп, аялдарды стигматизациялоонун өсүшү жана эки жактан стереотиптердин таасири байкалууда.

## Рекомендация

Диний жамааттарды/диндар аялдарды жамааттын социалдык-экономикалык, саясий турмушун өнүктүрүү боюнча долбоорлорго/программаларга тартуу жана жалпыга маалымдоо каражаттары аркылуу диний жамааттардагы аялдардын саясий, экономикалык жана жарандык активдүүлүгүн жогорулатуу сунушталат. Светтик жана диндар аялдардын/эркектердин жалпы кызык-чылыктарын аныктоого максатталган жалпы талкууларды өткөрүү, ошондой эле гендердик теңчиликке жетишүү боюнча УИПти иштеп чыгууга багытталган биргелешкен иш-аракеттерге өбөлгө түзүү зарыл. Мамилелерди жана мамлекеттик саясаттын чараларын көбүрөөк далилдерге таянуу менен иштеп чыгуу үчүн диний жамааттарга жана диндар аялдарга карата изилдөө жүргүзүү сунушталат, ошону менен диний жамааттардагы аялдарга карата зомбулукту азайтуу боюнча иш-аракеттерди так жана натыйжалуу кылууга жетишсе болот.

3

## Корутунду

Гендер жөнүндө болуп жаткан сөздөр негизинен шаар жерлеринде таралып, англис жана орус тилдеринде иштелип чыгууда. Мыйзамдын үстөмдүгүнүн жана гендердик теңчиликтин принциптерин жөнөкөй, жеткиликтүү тилде жеткире алган кыргыз тилдүү гендердик эксперттердин жетишсиздиги курч бойдон калууда. Кыргыз (ошондой эле англицизмди, орус тилини эске алуу менен) тилинин сөздүгү гендердик саясаттын маани-маңызын жана негизги баалуулуктарын толук чагылдырбайт, кээде түздөн-түз мамлекеттик тилге которулган контент коомдун салттуу баалуулуктарына жана түшүнүктөрүнө карама-каршы келип, калктын андан баш тартуусуна себеп болууда. КРнын басымдуу динин - Ислам динин карманув айыл жеринин калкы үчүн түшүнүктүү болгон кыргыз тилинде жүзөгө ашырылууда. Бул жергиликтүү деңгээлде аялдардын орду жана ролу жөнүндөгү диний көз караштардын патриархалдык каада-салттар, үрп-адаттар менен жуурулушуна алып келүүдө, мындай көрүнүш өз кезегинде гендердик теңчилик жаатындагы мамлекеттик саясатка каршы келген идеялардын кубатталышына себеп болууда.

## Рекомендация

Тилчилер, гендер боюнча адистер, теологдор менен биргелешип гендердик терминологияны кыргыз тилине которууга кылдат мамиле жасоо керек, ошондой эле катардагы жарандарга (жана диний жамааттарга) мыйзамдын үстөмдүгү, мамлекеттин светтүүлүгү, гендердик теңчилик принциптерин жөнөкөй, жеткиликтүү тилде жеткире алган кыргыз тилдүү адистерди даярдоого көңүл буруу керек. Ошондой эле айылдык жамааттардын (жамааттык топтордун) бардык өкүлдөрүнүн катышуусунда жергиликтүү өз алдынча башкаруу (айыл өкмөттүк) деңгээлде гендердик саясатты илгерилетүү боюнча чаралардын жана механизмдердин Улуттук иш-аракеттер планында көбүрөөк камтылышы сунушталат.

**Жадакалса тилдин өзү, түшүнүктөрдүн терминологиясы светтик да, диндар аялдар үчүн да түшүнүксүз болгондуктан аларга жеткиликтүү болгон түшүнүктөрдүн түзүлүшүн иштеп чыгуу зарыл. Эң негизгиси, алар светтик мамлекетте, Кыргызстанда, аларды үй-бүлөлүк зордук-зомбулуктан коргогон мамлекетте жашашат жана шариятты гана эмес, кыргыз мыйзамдарын да сактоолору керек... бул үчүн биз аларга мыйзамдын үстөмдүгү тууралуу маалымат берип, үйрөтүшүбүз керек. Диний лидерлер көбүнчө эскичил улуттук каада-салтты исламдын эрежелери катары көрсөтүп келишет.**

**ЖКУнун өкүлү менен болгон маектен**

## 4 Корутунду

Мамлекеттик жана муниципалдык органдардын кадрдык ресурстарынын жетишсиздиги, гендердик саясаттын негиздерин жана принциптерин туура эмес жана тайкы түшүнүүсү, салтчыл, эскиче ой жүгүртүүнүн басымдуулук кылуусу бул багыттагы саясатты жүзөгө ашыруудагы натыйжасыздыгынын негизги себептери болуп саналат. Мындай көрүнүш, айрыкча жетиштүү билими жок, улуттук мыйзамдардын негиздерин, светтик мамлекеттин принциптерин билбеген адамдар башкарган жергиликтүү бийлик деңгээлинде курч бойдон калууда. Ушуга байланыштуу, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын гендердик саясатты илгерилетүүдөгү иш-аракеттери натыйжасыз болууда - алар көбүнчө көз жаздымда калтыруу же алаксытуучу мүнөзгө ээ, кээде мамлекеттик гендердик саясатты жана чараларды маанисиз нерсе деп эсептешет.

## Рекомендация

Мамлекеттик башкаруу тутумуна кирүү үчүн кесипкөйлүктүн/квалификациянын талаптарын жогорулатуу, ошондой эле алардын деңгээлин үзгүлтүксүз жогорулатуу жана саясатты ишке ашыруу үчүн аткаруучулук тартипти чыңдоо зарыл. Бардык мамлекеттик органдардын диний жамааттардагы иш алып баруусу гендердик аспектилерди эске алуу менен жүргүзүлүшү керек. ЖӨАБ органдарынан милдеттүү болгон жогорку кесиптик билимди талап кылуу, окутууну, тестирлөөнү уюштуруу жана жергиликтүү деңгээлде гендердик теңчиликке жетишүү саясатын жүзөгө ашырууда натыйжалуулук көрсөткүчтөрүн киргизүү зарылчылыгы өсүүдө (ГАМСУМО).

5

## Корутунду

Диний жамааттарга карата учурдагы саясат улуттук коопсуздукту камсыз кылууга жана диний радикализмге каршы күрөшүүгө көңүл буруу менен жүргүзүлүп, бүгүнкү күндөрү канааттандырарлык болбой жатат. Учурда динге ишенген жарандарды өлкөнүн социалдык-экономикалык жана коомдук-саясий турмушуна аралаштырууга багытталган жандуу саясат керек. Гендердик саясат диний жамааттарда светтүүлүк, демократия, басмырлабоо, ар түрдүүлүк принциптерин алдыга жылдыруунун куралы болуп калышы мүмкүн. Калктын, айрыкча диний жамааттардын мамлекетке болгон ишеними төмөндөп баратат. Айрыкча, саясаттагы коррупциянын жогорку деңгээли алардын аң-сезиминде светтик, укуктук мамлекеттин ролун төмөндөтүүдө. Натыйжада диний баалуулуктарды жана мыйзамдарды адилеттүү жана кадырлоого татыктуу деп эсептеген адамдар көбөйүүдө. Мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иш-аракетинин төмөн натыйжалуулугу менен диний лидерлерге жана диний баалуулуктарга карата калктын ишеним деңгээлинин жогорулашы ортосунда өз ара байланышты байкоого болот.

## Рекомендация

Диний уюмдардын өкүлдөрүнүн жана аялдардын дараметтерин жогорулатып, светтик мамлекеттеги диний принциптерге, светтик мамлекеттеги диндин ролу жана ордуна, мыйзамдарды билүүгө, саясатчыларга рекомендацияларды иштеп чыгууга, аялдарга карата зомбулукка каршы күрөшүү боюнча жалпы иш-чараларды иштеп чыгууга, бул аракеттердин таасирин биргелешип баалоого, сабырдуулукка жана чыр-чатактарды азайтууга, стереотиптер менен күрөшүүгө ж.б. көңүл буруу зарыл болуп саналат. Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы, Эмгек жана социалдык өнүктүрүү министрлиги, Билим берүү жана илим министрлиги, Кыргызстан мусулман-дарынын дин башкармалыгы, гендердик жана укуктук эксперттер, дин аалымдары жана теологдор менен биргеликте светтик мамлекет, диндин светтик мамлекеттеги орду жана ролу, аялдардын коомдогу ролу жөнүндө жарандык билим берүү боюнча окутуу модулун иштеп чыгып, диний жана светтик билим берүү тутумуна киргизүү керек.

**Диний жамааттарга гендердик мамилелерди киргизүүнүн натыйжасында ар түрдүүлүктү түшүнүү кеңейип, жыныстардын өз ара мамилелери жөнүндө диний ой-пикирлери өркүндөп, адамдарды диний эрежелерди заманбап кырдаалга шайкеш кылуу аракеттери жөнүндө ойлонууга түртөт. Диний жамааттар арасында исламдын эскичил талаптары жаңыланууга жана заманбапташтырууга муктаж деген түшүнүк бар. Светтик мамлекеттин диний жамааттардагы аялдарга карата зомбулукка, ошондой эле аталган маселелердин чечилишинин мындан ары өнүгүүсүндө диний башчылардын ордуна, маанилүүлүгүнө таасирдүү жооп бере алуу  жолдорун табуунун зарылдыгы – бул маселеде кыйынчылык туудурган нерсе болууда.**

**Диний жамааттарга карата мамлекеттин иш алып баруусу жооп иретиндеги мүнөзгө ээ жана кесепеттери менен чектелүү каржы ресурстары менен гана күрөшөт... ал эми көбүнчө сырттан каржыланган диний уюмдардын ишмердүүлүгү аракеттүү мүнөзгө ээ, алар адамдын баалуулуктары жана ишенимдери боюнча иштешет. Мамлекет мындай нерселерге көңүл бурбагандыктан диний уюмдарга уттуруп жиберет.**

**Көзкарандысыз эксперттер менен болгон маектен**

# 6 Корутунду

Аялдарга карата зомбулук ар кандай деңгээлде болот: аялдын үй-бүлөсүнүн жана анын жакындарынын деңгээлинде, жамааттык жана бүтүндөй коомчулук деңгээлдеринде.

**Зордук-зомбулук көз каранды:**

**жамааттык деңгээл**

*Тилекке каршы гендердик саясатты жактоочулук мамлекеттик органдарда да, айылдык жамааттар арасында да калыптанбай жатат.*

**коомчулук деңгээл**

*коомдогу гендердик ролдордун институтташтырылган маданий жана социалдык ченемдери, коомдук жүрүм-турумду жана зомбулукка карата мамилени жөнгө салуучу укуктук жана саясий негиздер, ошондой эле укук коргоо, сот органдарынын жана коомдук коргоо мекемелеринин натыйжалуу иштери таасир этет.*

**2 деңгээл**

*зомбулуктун болушун мектептер, саламаттыкты сактоо уюмдары, теңтуштар тобу, жааматтар, жергиликтүү башкаруу органдары сыяктуу бийлик структуралары күчөтүшү мүмкүн.*

**1 деңгээл**

*аялдын үй-бүлөдөгү баш ийүүчүлүк абалы/артыкчылыктуу орду, анын билим деңгээли, каражаттарга жана кызматтарга жеткиликтүүлүгү (анын ичинде саламаттыкты сактоо жана каржы), жашоо чөйрөсү жана жеке өзгөчөлүктөрү таасир этет.*

# Рекомендация

Жамааттардын өзгөчөлүгүн эске алуу менен үй-бүлөлүк, жамааттык жана коомчулук деңгээлдердеги аялдарга карата зомбулукту төмөндөтүү боюнча саясат чараларын иштеп чыгуу зарыл. Аялдарды аябай зомбулукка кабылышкан жерде, башкача айтканда жергиликтүү деңгээлде зомбулуктан коргоону камсыз кылуу өтө маанилүү.

# 7 Корутунду

Диний жамааттардагы аялдар бир тектүү топ эмес. Бул жаатта репрезентативдүү изилдөөлөр жокко эсе. Диний жамааттагы аялдарга карата зомбулук менен төмөндөгүлөрдүн ортосунда байланыш байкалат:

- *анын билим деңгээли (светтик/диний);*
- *ал жана анын үй-бүлөсү тутунган исламдын агымы*
- *жакырчылык, жумуштуулук жана киреше деңгээли*
- *үй-бүлөлүк менен жамааттык деңгээлде колдоо инфраструктурасынын жеткиликтүү болушу*
- *лидерлик сапаттардын болушу*

Ал окуган же ал мүчө болгон жааматтын диний мектеби анын диний жамааттардагы абалына жана статусуна таасир этет. Диний жааматтар исламдын ар кандай агымдарынын эрежелерин карманышат - орточо көз караштан радикалдык көз карашка чейин.

# Рекомендация

Диний жамааттардагы аялдар менен иш алып барууда алардын ар кандай муктаждыктары жана кызыкчылыктары бар экендигин, ар кандай ыкмаларды жана иш-аракеттерди талап кылаарын эске алуу зарыл. Диндар аялдарды зомбулуктан коргоо боюнча атайын иш-чараларды иштеп чыгуу максатында Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиясы, Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитет, Ички иштер министрлиги, теологдор, эксперттер менен биргеликте тутунган диний агымына карап (радикалдык эместен радикалдыкка чейин) диний жамааттарды/жааматтарды карталаштыруу сунушталат.